## АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮК












Биздин студенттер студенттик биргелешкен академиялык мобилдүүлүк программаларынын алкагында Россия, Таджикстан, Өзбекстан, Казахстан жана Европа өлкөлөрүнүн ЖОЖдорунда 1 жылга чейинки убакытка окуп, тажрыйба алмашып келүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

## БҮТҮРҮҮЧҮ КАФЕДРА

**И** **нформациялык**
**С** **истемалар жана**
**П** **рограммалоо**

# УРМАТТУУ АБИТУРИЕНТ!

## IT ЖАНА САНАРИПТЕШТИРҮҮ ТАРМАГЫ – СЕНИН ИШЕНИЧТҮҮ КЕЛЕЧЕГИҢ!

## Кафедранын дареги:

723500. Ош ш., Ленин к., 331. ОшМУнун башкы корпусу. Математика жана информациялык технологиялар факультети. Информациялык системалар жана программалоо кафедрасы. 322-каб.

**+996772424324**
**+996550424324**

**isp@oshsu.kg**

**oshsu.iste**

**+996772424324**
**+996778998221**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

# ИСТ ПОВТАС


## АДИСТИКТЕРИ


### МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ



**«ИСТ»** багытын бүтүрүүчүлөрү инженер-программист, экономист-программист, программист-аналитик, прикладдык-программист, информацияны коргоочу программист, башкы программист, программалык жабдуу боюнча башкы адис, информациялык-эсептөө бөлүмүнүн начальниги, информациялык системаларды (1С бухгалтерия, 1С предприятия ж.б.у.с.) тейлөөчү адис, банк системасындагы компьютерлерди тейлөөчү адис, банк системасындагы компьютерлерди программалык жабдуу боюнча адис, экономист-статист, информациялык-эсептөө бөлүмүнүн экономисти, инженер-инструктор, эсептөө системасынын илимий кызматкери сыяктуу кызмат орундарында иштей алышат.

ИСТ жана ПОВТАС багыттары 2020-жылдын 19-21-мартында НААР эл аралык көз карандысыз агенттиги тарабынан 5 жылга аккредитациядан өткөн. Каттоо күбөлүгү: АВ 4296 жана АВ 4297, 13.11. 2020






ИСТ жана ПОВТАС бакалавр багыттарына ЖРТнын босоголук (пороговый) баллы күндүзгү (бюджеттик негизде) негизги тест **110** баллдан, кошумча тест (математика же физика) **60** баллдан, ал эми күндүзгү (контракттык негизде) жана дистанттык (контракттык негизде) негизги тест гана **110** баллдан кем эмес болгон учурда конкурска катыша алышат.

## ИСТ БАГЫТЫ БОЮНЧА МАГИСТРАТУРА БӨЛҮМҮНӨ ДА КАБЫЛ АЛЫНАТ

710200. Информациялык системалар жана технологиялар (ИСТ). Профили: Экономикадагы информациялык системалар жана технологиялар.

ОшМУ IT багыты боюнча 2012-жылдан бери УШОСтун (Шанхай кызматташтык уюмунун университеттери) мүчөсү болуп эсептелет. Бул уюмга Кыргызстандын, Россиянын, Кытайдын, Казахстандын, Тажикстандын 82 окуу жайы мүчө болуп кирген. Биздин магистранттардын башка өлкөлөрдөгү окуу жайларда 6 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө академиялык мобилдүүлүк алкагында окуп келүү мүмкүнчүлүгү бар.

**Веб-программист деген кандай кесип?**

Жооп: Бүгүнкү күндөгү эң бир престиждүү жана эмгеги жогору бааланган кесиптердин бири болуп эсептелет.

Эгерде силер ИСТ же ПОВТАС багыттарын тандасаңар, анда келечекте мыкты веб-программист боло аласыңар. Демек силер – IT багытындагы адис болуп чыгасыңар. HTML, CSS, JavaScript, PHP, Php, MySQL ж.б. программалоо каражаттарын мыкты колдонуп ишкана-мекемелердин web-сайттарын, интернет-проекттерди, электрондук-коммерциялык программаларды түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло аласыңар!

**«ПОВТАС»** багытынын бүтүрүүчүлөрү инженер-программист, программист-аналитик, прикладдык-программист, системдик-администратор, инженер-электронщик, информацияны коргоочу программист, башкы программист, программалык жабдуу боюнча башкы адис, маалыматтар базасынын администратору, информациялык-эсептөө бөлүмүнүн начальниги, эсептөө техникасын ремонттоо мастери, инженер-инструктор сыяктуу кызмат орундарында иштей алышат.